*Стамов А.К.*

# ЖАЙЫТТАРДЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК БАГЫТТА НАТЫЙЖАЛУУ ПАЙДАЛАНУУ

*A.K. Stamov*

# EFFECTIVE USE OF PASTURES FOR ECONOMIC AND ENVIRONMENTAL DIRECTION

*УДК: 631. 585+504. 74+338. 43[ (575.2)*

*Кыргызстан жайыттарды иштетүүдө, жайыт пайдалануучулардан 2011-жылы чогулган акча 66152296 сом. Бул чогулган акча 2010-жылга салыштырганда эки эсе көптүк кылат. Ушундай деңгээлде, казынага жайыт пайдалануучулар салыктарын убагында жана толук төлөп турушса, анда жайыттардын экономикасында максималдуу натыйжа жаралмак. Ал эми казынанын чыгаша булагында акча каражатын жайыт ресурстарын, инфраструктураларын ондоо менен жаныртууга максималдык түрдө үнөмдүү пайдалансак, анда биз экономикалык жана экологиялык багытта жайыттарды натыйжалуу пайдаланууга өткөндүгүбүз байкалмак.*

*Статистикалык маалыматтарга таянсак, Кыргызстан агрардык өлкө болгондуктан айыл чарба продукциясынын өндүрүүдө ИДП үчтөн бирин түзөт. Ошондой эле калкынын саны үчтөн эки бөлүгү, айыл жергесинде жашашат. Ошондуктан жайыттарды экономикалык жана экологиялык багытта натыйжалуу пайдалануубуз керек.*

*Kyrgyzstan works from pastures. The pastures was used in a 2011-year has raised money 666152296 som. If is raised money in comparison 2010- year two times more. In such level in treasury users of pastures paid in time and to correct with new an infrastructure as much as possible to use economically then, we would notice economic and ecological to a direction of pastures with positive result.*

*On static information, Kyrgyzstan as the agrarian country manufacture production agriculture IDP maces three on one. And also the population there is more than part lives in rural region. Therefore pastures on economic and ecological a direction we should use with positive result.*

Кыргызстан жайыттарды иштетүүдө, жайыт пайдалануучулардан 2011-жылы чогулган акча 66152296 сом. Бул чогулган акча 2010-жылга салыштырганда эки эсе көптүк кылат. Ошондой эле жайыттарды пайдаланууда жер салыгынан жергиликтү бюджетке 10 млн сомдон ашык акча түшкөн. Бул маалыматтар 16-январда 2013-жылы КР айыл чарба министирлигинини жайыттар департаментинен кабарланган. Департаменттин маалыматы боюнча жайыт комитетинин биргелешкен жайыт пайдалануучулардан түшкөн салыктары, жакшы көрсөткүчтөрдү көрсөткөн Мисалы Жалал Абад областынан 14236100 сом, Нарын областынан 13209322 сом, Ыссык-Көл областынан 8028700 сом. Республикада жайыттардын инфраструктурасын ондоого 28799547 сом бөлүнгөн, Жалал Абад областынын жайыт комитетине 5728100 сом, Нарын областынын жайыт комитетине 3139465 сом Ыссык Көл жайыт комитетине 3750000 сом. Чогулган каражаттын көбүнчөсү жайыттардын инфра структурасын оңдоого жумшалган. Мисалы 2011-жылдын жайыт комитетинин жардамы менен мал айдоочу жолдордун 1840км, 361 көпүрө, 43 мал сугаруучу жерлер, 519 суу алуучу жерлер реаблитасияланган. Ошондой эле Жалал Абад областынын жайыт пайдаланучулардын жардамы менен 316,1 км жолду, 36 көпүрө жана 412 (водопойных сооружений). Нарын областынын жайыттардын инфраструктурасын ондоого бөлүнгөн 3139465 сом акчаны жайыт комитеттери 167 км жол 30 көпрө жана 4 мал сугаруучу жерлерди жазашты (каптаж). Ыссык-Көл областында жайыттардын инфраструктурасын оңдоого чейин 3750000 сом акча бөлүнгөн жайыт комитетинин жардамы менен 631 км жол, 158 көпүрөлөр, 3 мал сугаруучу жерлер (каптажы) реаблитатсияланган [1].

Кыргызстан боюнча жайыттардын жалпы аянты 9,147 млн. гектарды түзөт. Жайыттарды пайдаланууда жазгы-күзгү, жайкы жана кышкы болуп бөлүнөт. Жазгы-Күзгү жайыттардын аянты 30% түзөт, жайкы 44% түзөт, кышкы 26%ын түзөт [1].

Жайыттардын геоэкологиялык аймактарынын түрлөрүнө жараша өскөн өсүмдүктөрдүн түрлөрү:

1 чөл, жарым чөл жайыттарында көбүнчө өскөн өсүмдүктөр шыбактар (полынь) менен дан-өсүмдүктөрү (злаки) ж.б. өсүшөт;

2 талаа жайыттарында көбүнчө өскөн өсүмдүктөргө бетеге, кызыл от (бордач), буудайык(пырей), ак кылкан (ковыльные) ж.б. өсүшөт;

3 шалбалуу талаа жана шалбалуу жайыттарда эстрагоновые, топтолушкан ак сокто (ежа сборная), жылган (мятлик), каз таман (гераниевые), ыраңдар (осоковые), менжетковые ж.б. өсүшөт. Бетегелүү овсяницей бороздчатевый өсүмдүктөрү, 3 млн. га. жакын жайыт жерлеринде өсөт [2, 7].

Жайыттарды жер семирткич менен камсыз кылуу. Жайттардын, айдоо жерлеринин түшүмдүүлүгүн жогорлатуучу бирден – бир жолу жер семирткич менен өлкө боюнча камсыз кылуу. Минералдык жерсемирткич түшүмдүүлүгүн гана жогорлатпастан өсүмдүктөрдүн ботаникалык жана химиялык курамынын туруктуулугун сактайт. Минералдык жер семирткич менен органикалык жер семирткич аралаштырып сепсек жер кыртышынын жана өсүмдүктүн жакшыруусуна алып келет.

Сокулук районунда жайыттардагы тоют өсүмдүктөрүн жакшыртуу максатында минералдык

удобрения 178.8 миң тонн. Органикалык жер семирткич 2950.6 миң тоңң 1990 жылы себишкен. Ал эми 1996- жылы 8.9% ызга жакын минералдык жер семирткич себишкен. Жыйынтыгында тоют өсүмдүктөрүн жакшы денгээлде алынган.

Акыркы жылдары жайыттарды жер семирткич менен камсыз кылууда мамлекет тарабынан бир дагы тыйын бөлүнбөйт. Минералдык жер семирткич менен жайыттарды камсыз кылууда жайыттардын геоэкологиялык түрүнө, топурак-климатына жана өсүмдүктөрдүн түрлөрүнө карап жер семирткичтерди тандап себүү керек. Жайыттардын топурагында азоттун топтолуучу орто же төмөн ал эми өсүмдүктөрдү азотту керектөөсү эң жогору.

Сокулук районунда азот менен камсыз болгон талаа жайыттары жылдык көрсөткүчү 1,3-6,5 ц/га болгон [5].

Көптөгөн жер семирткичтердин арасынан изилдөөлөрдө азот жана фосфор менен бийик тоолуу жайыттарды камсыз кылууда жакшы көрсөткүчтөр байкалган. Ошондой эле фосфор дагы жайыттардын топурактарында топтолуусу орто жана төмөн деңгээлде. Бул эмнени түшүндүрөт өлкөнүн топурактары карбанаттуу, ошондуктан аз гумусту топуракта (боз жана ачык күрөң, ачык-саргыч күрөң, бийик тоолуу чөлдөрдө, бийик тоолуу бозомтук талаа чөлдөрүндө, тоолуу ачык-саргыч-күрөн бул топурактарда (кальций, магний) фосфаттуу кычкыл (щелочный) ошондуктан бул элементтер өсүмдүктөргө жетишсиз. Гумуска бай топурактарда (тоолуу кара топуракта шалбалуу талаа субальпы жерлерде) органикалык фосфаты топтолгон кыймылдуулугу төмөн [3, 4, 5].

Сокулук районунда тоо этеги, орто тоо талаа жайыттарында фосфор жер семирткичин себүү менен азотко караганда түшүмдү көп алгандыгы байкалган. Жалпы Кыргызстан боюнча жайыттарды фосфор менен камсыз кылууда түшүмдүүлүк 1,7 ден 3,0 ц/га чейин жеткен. Калий менен жайыттардын топурактары жетиштүү камсыз болгон. Калий жер семирткичин себүүнүн кереги жок, себеби жайыттардын топурактары жетиштүү камсыз болгон. Калий жер семирткичин шалбалуу бийик тоолуу жайыттарга 3-5 жылдан кийин системалык түрдө азот жана фосфор жер семирткичин себүү зарыл. Комплекстүү жер семирткичти себүүдө эң жакшы натижа берет. Ошондой эле талаа жана шалбалуу талаа жайыттарында нитрофостук, карбоаммофостук жакшы көрсөткүчтөр байкалган. Азот-аммиак селитрасын, мочевин, сульфат аммоний, жөнөкөй-фосфор менен эки жактуу суперфосфат, калий-хлорис калийи жана комплекстүү-нитрофос, карбоаммофос, нитрофоска минералдык жер семирткичтерин түрлөрүн табигый жайыттарга себүүгө туура келет [5].

Отоо чөптөр менен күрөшүү. Тикенектүү майда бадалдар менен тоютка жараксыз отоо чөптөр Кыргызстандын табигый жайыттарында жылдан жылга көбөйүүдөө. Шалбалуу талаа, шалбалуу жайыттарда отоо чөптөр 70-90% ыды түздү. Жайыттарда өскөн отоо өсүмдүктөргө уулу, зыяндуу, мал аз жеген жана түшүмдүүлүгү аз өсүмдүктөрдүн түрлөрү өсөт мисалы: бурма кара ак темгилдүү уу коргошун, кырк муундай чекенде, конгуроо гүл, жунгар уу коргошун, чымындык, кадимки адырашман, томсон кой жалбырагы, фетисов фломойдеси, жунгар шартылдагы, шыбактай коён томук, туркестан дүлөй чалканы жана башкалар.

Бирок бул отоо өсүмдүктөрдүн ичинен пайдалуу жактары да бар дары өсүмдүктөргө (василистник, пустырник, зверовой, грамала, душица, деясил, аконит, термопсис, шиповник), бал топтоочу өсүмдүктөргө (зремурс, душица, запник, шалафей). Ошондуктан отоо жана зыяндуу чөптөр менен күрөшүүдө пайдалуу өсүмдүктөргө кылдат мамле кылуу керек. Мисалы тикенектүү майда бадалчалар жайыттарда малдын жайылып оттосууна тосколдук кылат. Ошондой элеконтаггиозный эктимой, эктопаразиттер, кан соруучу мителер менен ооруганга шарт түзөт.

Кыргызстандын тоолуу, бийик тоолуу райондордо (2100-3250 м. бийиктикте.) 436,6 миң га, 0,05 ден 197 миң га жерде өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгү төмөн о.э. 0,05ден 0,08 миң га аймакты сугарууга ыңгайлуу, бул аймакты сугаруу менен түшүмдүүлүгүн 5-6 эсеб жогорлатсак болот [5].

Тикенектүү майда бадалчалар өскөн жайыттарда тоютка жарактуу өсүмдүктөр 2-3 эсе аз, тикенектүү майда бадалчалар өспөгөн жайыттарга салыштырмалуу. Ысык Көлдүн чыгыш тарабынын Түп өрөөнүндү геоботаникалык метод менен байкоо жүргүзүүбүздө тикенектүү майда бадалчалар өскөн жайыттарда мал жебеген өсүмдүктөр басымдуу өсөрү белгилүү болду. Бул тикенектүү бадалчалар эрозияга, карышы турбайт, даарылык касиети жок. Ошондуктан майда бадалчаларды жок кылуу менен оордуна мал жей туручу өсүмдүктөргө алмаштыруу керек.

Ысык Көлдүн чыгыш тарабынын жайыттарынын жылдык жаан чачындын саны 180ден 400 мм, ошондой эле июнь, июль айларда чөптөрдүн бийиктиги 60тан 250 мм чейин жетет. Көбүнчөсү кышы, жазы, жер кыртышы нымдуулук менен камсыз болот. Ал эми жаздан күзгө чейин нымдуулуктун запасы төмөндөйт. Табигый жаан-чачындын жаашы жайыттардагы өсүмдүктөрдү толук камсыз кылбайт. Ошондуктан жайыттарда чөптөрдүн өсүшү начар. 20-40% түзөт, ошондой эле жайыттардын түшүмдүүлүгү 2-5 ц\га [6].

Топурактын нымдуулугун сактоо үчүн сугатты 70-80% пайызга жеткизип минералдык удобрение менен камсыз кылсак 1га жерден жайытта чабылган чөптөрдүн эң жогорку түшүмдүүлүгү 25теӊ 45-60 ц/га чейин чөптөрдүн кургак салмагы болот [5].

Жазгы сугатта сугарылган жерлердин табигый чөптөрү сугарылбаган жерлердин чөптөрүнө

салыштырмалуу 4-6 эсе жогору. Сугарылган жерлердин чөптөрү кеч күзгө чейин жашыл болуп турат.

Жыйынтыктап айтканда Кыргызстан жайыттарды иштетүүдө, жайыт пайдалануучулардан 2011-жылы чогулган акча 66152296 сом. Бул чогулган акча 2010-жылга салыштырганда эки эсе көптүк кылат. Ушундай денгээлде, казынага жайыт пайдалануучулар салыктарын убагында жана толук төлөп турушса, анда жайыттардын экономикасында максималдуу натыйжа жаралмак. Ал эми чыгаша булагында акча каражатын жайыт ресурстарын, инфраструктураларын ондоо менен жаныртууга максималдык түрдө үнөмдүү пайдалансак, анда биз экономикалык жана экологиялык багытта жайыттарды натыйжалуу пайдаланууга өткөндүгүбүз байкалмак. Статистикалык маалыматтарга таянсак, Кыргызстан агрардык өлкө болгондуктан айыл чарба продукциясынын өндүрүүдө ИДП үчтөн бирин түзөт. Ошондой эле калкынын саны үчтөн эки бөлүгү, айыл жергесинде жашашат. Ошондуктан жайыттарды экономикалык жана экологиялык багытта натыйжалуу пайдаланиуубуз керек. Кыргызстандагы жайыттарды иштетүүдө жана маселелерин чечүү үчүн үч негизги багытты иштетүүбүүз зарыл.

Мисалы: ***Биринчи багыт*** укуктук ченемдик база жана административдик башкаруу Департаментте программалык камсыздоону иштеп чыгуу жана маалыматтар базасын түзүү. Маалыматтарды учетко алуу жана аларды сактоо боюнча атайын программаларда иштөөгө персоналды окутуу. Айыл округдарынын ортосундагы жайыттардын сырткы чек араларын аныктоо ж.б.;

***Экинчи багыт*** экономикалык иштер Чарбалар аралык жана райондор аралык мааниси бар инфраструктура объекттери (көпүрөлөр, жолдор, маданий борборлор, байланыш, транспорт жана башкалар) боюнча каражаттарды тартып реабилитация иштерин өткөрүү. Жайыт пайдалануучулардын бирикмелеринин каражаттарынын эсебинен инфраструктура объекттеринде курулуш иштерин жүргүзүп жаткан райондор аралык өздүк эсеп (хозрасчет) бөлүмдөрүн уюштуруу ж.б.;

***Үчүнчү багыт*** экологиялык иштер. Жайыттардын экологиясын калыбына келтиръъ менен жакшыртуу. Заманбап методдорду, илимий изилдөөлөрдүн инновациялык технологияларын, жайыттарды пайдалануу жана баа берүү боюнча, табигый жерлердин деградациялык процессин төмөндөтүп жана түшүмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча рекомендацияларды иштеп чыгуу ж.б.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын айылчарба минстирлигинин жайыттар департаменти. E-mail: kubatd @ mail. ru
2. Мурсалиев А.М., Стамов А.К. Биогеохимия степных сообществ бассейна реки Тюп // Естественно технических наук. Поиск №4 (1) / 2000
3. *Исаков К.И. Пастбища и сенокосы Киргизской ССР* (классификация, использование, мелиорация и интенсификация). Под ред. Б. А. Быкова. Ф., «Кыргызстан», 1975
4. Исаков К.И. Приминение азотных удобрений на горных пастбищах Киргизии. Ж. «Химия и сельском хозяйстве», 1968, №2
5. Джумабаев К.Ж. Экономическая оценка кормовые растения сенокосов и пастбищ Сокулукский район. Минск 1998.
6. Мурсалиев А.М., Ниязов Г.А., Токомбаев Ш.Т. Биогеохимические исследования горных лугов бассейна реки Тюп. Бишкек «Илим» 1992.
7. Шамбетов С.Ш., Айдарова Р.А., Убукейеева А.У. Ботаникалык терминдердин жана өсүмдүктөрдүн аттарынын орусча – кыргызча сөздүгү (долбоор). «Илим» Басмасы. Фрунзе 1975.


**Рецензент: к.с.-х.н., доцент Байбагышов Э.М.**